**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ**

**БУЙРУК РАСПОРЯЖЕНИЕ**

**20**23**-жылдын "**02**" **октября**, №**459-б

**Адам укуктарынын жалпы кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына карата Ош шаарында даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 538 тескемесин иш жүзүнө ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 44, 45, 48-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентярындагы № 538 тескемеси менен бекитилген Бириккен Улуттар тарабынан Адам укуктарынын жалпы декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) Ош шаарынын аймагында аткарууга алынсын.
2. Планды ишке ашыруу боюнча Ош шаарынын мэриясынын иш-мерчеми тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Буйруктун тиркемесинде көрсөтүлгөн жоопту у мекеме-ишканалар белгиленген мөөнөттө Пландын кынтыксыз аткарылышын камсыз кылышсын.
4. Тиркемеде жооптуу катары көсөтүлгөн мамлекеттик жана муниципалдык органдар шаар аймагында Планды иш жүзүнө ашыруу боюнча аткарылып жаткан жумуштар жөнүндөгү маалыматтарды ар бир кварталдын отчеттук мезгилдеги кийинки айдын 5не чейин Ош шаарынын мэриясына жиберип турушсун.
5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдө Ош шаарынын биринчи вице-мэри М.А. Исаевге жүктөлсүн.

Мэр **Б.Ж. Жетигенов**

№ 001561 *

Ош шаарынын мэриясынын
2023-жылдын 02- октябрындагы
№ 459-б буйругунун тиркемеси

**Адам укуктарынын жалпы кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына карата Ош шаарында даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Жооптуу аткаруучулар жана өнөктөштөр | Аткаруу мөөнөттөрү | Күтүлүүчү натыйжа | Аткарууну баалоо индикатору |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Дүйнөлүк психикалык саламаттык күнүн майрамдоонун алкагында бир айлык өткөрүү | Ш.Т.Абдурахманов, Ф.Т. Арзыкулова | 2023-жылдын октябры-ноябры | Жалпы маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдыруу менен семинарлар, тегерек столдор ж.б. иш-чаранынын алкагында адам укуктары маселелерине көңүл буруу | Психакалык бузуулары бар адамдардын укуктарын жакшыртуу боюнча жыйынтыктоочу сунуштама документтин кабыл алуу менен 1ден кем эмес тегенрек стол |
| 2 | Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүн майрамдоонун алкагында айлык өткөрүү | Ш.Т. Абдурахманов Ф.Т. Арзыкулова | 2023-жылдын ноябры-декабры | Жалпы маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдыруу менен семинарлар, тегерек столдор ж.б. иш-чаранынын алкагында адам укуктары маселелерине көңүл буруу | АИВ/СПИД менен ооруган адамдардын укуктарын жакшыртуу боюнча жыйынтыктоочу сунуштама документтин кабыл алуу менен 1ден кем эмес тегерек стол |
| 3 | Жаштардын адам укуктары жаатындагы маалымдулугун жогорулатуу | Ош МУ, Ош ТУ, Ош КӨУ, Ош ГПУ, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы С.Ю. Аматова, Ж.Ж. Жусупбеков, Н.А. Закиров, | 2023-жылдын ноябры-декабры | Төмөнкү темаларда ачык сабактар өткөрүү "Вена декларациясы жана билим алуу укугу", "Кыргыз Республикасынын контексинде Адам укуктарынын жалпы декларациясы", "Кыргызстандагы адамдын конституциялык укуктары жана аларды сактоо" | 5 миңден кем эмес окуучусу бар жогорку окуу жайлар, орто мектептер |
| 4 | "Адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо" багыты боюнча Ош ШИИБнын кызматкерлерин квалификациясын жогорулатуу | М.С. Асанов, А.А. Асанов | 2023-жылдын ноябры-декабры | Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери үчүн адамдын негизиги укуктарын жана эркиндиктерин билүүгө окуу курстарды, семинарларды, тренингдерди өткөрүү | Камтуу Ош ШИИБнын өздүк курамынын 10 % ынан кем эмес |
| 5 | Ош шаарында адамдын социалдык укуктарынын бир айлыгын өткөрүү | К.А. Абдуллаев, Н.А. Закиров | 2023-жылдын ноябры | Семинарлар, тегерек столдор, брифингдерди өткөрүү. Иш-чаралардын процессинде адам укуктары маселелерине көңүл буруу. | Талкууланган тема боюнча адам укуктарын жакшыртуу боюнча жыйынтыктоочу сунуштама документин кабыл алуу менен 1 кем эмес тегерек стол |



Аппарат жетекчи А. Кубатбек уулу